*Калдыбаев С.К., Мамыткожоев М.А.*

# ТЕСТТИК ФОРМАДАГЫ КЫРДААЛДУУ ТАПШЫРМАЛАР

*Калдыбаев С.К., Мамыткожоев М.А.*

# ТЕСТОВЫЕ ЗАДАНИЯ В ФОРМЕ СИТУАЦИЙ

Окуу процессинде окуу матариалдары боюнча ар кандай кырдаалдарды (ситуация) түзүп, аларга окуучулар менен кошо талдоо жүргүзүү, аларды чечүү эң маанилүү жана азыркы учурдун прогрессивдүү ыкмаларынан деп эсептесек болот. Окуучуларга реалдуу турмуштук кырдаалдарды талдоо сунуш кылынат. Кырдаал кандайдыр бир практикалык проблеманы камтыйт жана түздөн түз эле аны чечүүгө азырынча мүмкүн эмес. Кырдаалды чечүү үчүн, биринчиден өздөштүрүлгөн билимдер актуалдаштырылышы керек. Экинчиден, дагы кошумча билимдер талап кылынышы мүмкүн. Үчүнчүдөн, кырдаалды чечүү окуучулардын интеллектуалдык билим-билгичтиктерин активдүү колдонууга түрткү берет. Эң негизгиси, кырдаалдуу тапшырмалар теориялык билимдерди практикада колдонуу маселесин натыйжалуу чече алат [1, 71-72-б.].

Мындай тапшырмаларды түзүү үчүн мугалимдерден дагы чеберчилик талап кылынат. Бир жагынан алганда, кырдаалдуу тапшырмалар мугалимдин ой жүгүртүү жөндөмүнүн, чыгармачылык потенциалынын натыйжасы десек болот. Теориялык материалды практикада кандайча колдонууга боло тургандыгын, ошол практикалык кырдаалды чечүү менен теориялык билимдердин кантип өздөштүрүлөөрү, бышыкталаары күн мурунтадан мугалимге белгилүү болушу зарыл.

Адегенде мындай тапшырмаларды түзүүгө карата булактар тандалып алынышы керек. Окуу материалынын өзүнөн кырдаалды түзүү жетишсиз, кырдаал сөзсүз түрдө практикадан алынышы зарыл, а түгүл, бул кырдаал жөнөкөй эле эмес, проблемалуу болушу керек. Булак катары төмөнкүлөр кызмат кыла алат [2, 92-94]:

1. Кырдаалдын сюжетин түзүүчү көркөм чыгармалар жана адабияттар.

2. Проблеманы чагылдыра турган жергиликтүү турмуштан алынган материалдар.

3. Теориялык проблемаларды чагылдырган илимий адабияттардан (макала, монография ж.б.) алынган материалдар.

4. Статистикалык маалыматтар.

6. Интернет булактары.

Кырдаалдуу тапшырмаларды түзүүдө мугалим адегенде окуу материалына дал келе турган, окуу материалын жакшы өздөштүрө турган, же окуу материлынын маңызын жеткиликтүү ачып бере турган материалдарды жогорудагы аталган булактардан издейт. Андан кийин тандалган материалдын проблемалуулугу, аны чечүүгө кайсы билимдер, билгичтиктер, инетеллектуалдык жөндөмдөр талап кылынаары аныкталат. Ушулардын негизинде кырдаалдуу тапшырмаларды түзүү этабы башталат. Кырдаалдуу тапшырмаларды түзүүдө төмөнкүлөр эске алынышы зарыл.

1. Кырдаал окуу материалы менен шайкеш келиши зарыл.
2. Кырдаал реалдуу, колдон келишинче жергиликтүү материалдарга таянганы дурус.
3. Кырдаалдын проблемалуу болушу, оң жана тескери мисалдар менен камтылышы – бул негизги талап.
4. Кырдаал окуучулардын мүмкүнчүлүгүнө шайкеш келиши керек, бирок ошол эле учурда эң эле жөнөкөй болбошу зарыл.
5. Кырдаалдын тексти кызыктуу, жөнөкөй жана жеткиликтүү тил менен баяндалышы, проблеманы чечүүгө карата багыттар берилбеши зарыл.
6. Кырдаалды чечүү үчүн так жана даана көрсөтмөлөр берилиши керек.

Кырдаалдуу тапшырмаларды аткарууда окуучулар активдүү иш аракеттерди алып баруусу зарыл жана ар бир аракетке мугалим көзөмөл кылуусу талап кылынат. Кырдаалдуу тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгында окуучулар төмөнкүдөй жооп беришет:

1. Доклад жасашат.

2. Тапшырманын аткарылышы боюнча презентация жасашат.

Бирок акыркы жылдары мындай кырдаал-дарды түзүү жана окуучуларга сунуштоо менен окуу материалын ийгиликтүү өздөштүрүү боюнча тесттик формадагы кырдаалдуу тапшырмалар пайдаланып келүүдө. Мындай тапшырмалар окуучулардын даярдануусуна көп убакытты талап кылбайт, тапшырмага жооп берүүсүнө ыңгайлуу шарттарды түзүп бере алат. Мындан тышкары, окуучулардын мындай тапшырмаларды аткаруусунда алардын логикалык ой жүгүртүүсү, түзүлгөн кырдаалга анализ берүүсү, жалпылаштыруу билгичтиктери калыптандырылат. Бул тапшырмалар окуучулардын өз алдынча сабакка даярдануусуна дагы жакшы өбөлгө түзө алат. Төмөндөгүдөй мисалдарга көңүл бөлөлү.

**10-мисал**. (VII-VIII- класстардын физика сабагы). Панелге электр лампалары бар үч патрон бекитилген.
а) Лампалар параллель туташтырылгандай;
б) удаалаш туташтырылгандай;
в) экөө параллель, ал эми үчүнчүсү аларга удаалаш туташтырылгандай кылып лампалардын клеммаларын өз ара жана ток булагынын уюлдары менен туташтыруунун схемасын чийгиле.
Жообуңарды түшүндүрүп бергиле.

**11- мисал**. Математика, VIII-класс.
Төмөндө апрелден ноябрга чейинки Республикабыздын аба ырайынын орточо айлык температурасы келтирилген.
Көрсөтүлгөн маалыматтар боюнча аба ырайынын графигин түзгүлө:

| Ай: | Градус(С): | Ай: | Градус(С): |
|---|---|---|---|
| апрель | 12 | август | 30 |
| май | 18 | сентябрь | 20 |
| июнь | 25 | октябрь | 15 |
| июль | 30 | ноябрь | 10 |

Мындай тапшырмаларды аткарууда окуучунун теориялык билими практика жүзүндө бекемделип, текшерүүнүн окутуучу, диагноздоочу жана коррекциялоочу функциялары эффективдүү түрдө жүзөгө ашырылмакчы.

Окуучулардын ойлоп тапкычтыгын, жаңы абалда түзүлгөн кырдаалды ийгиликтүү чече билүүсүн аныктоо максатында төмөндөгүдөй тапшырмаларды колдонууга болот.

**12-мисал**. Жаңы жылдык билеттер.
Канышай менен Каныкей жаңы жылдык балга карата билет даярдап жатышат. Билеттер үлгү билеттин өлчөмүндөй. Канышай өзүнүн кагазынан 12 билет жасады, ал эми Каныкей 13 билет жасады.
1-СУРОО. Бир барак кагаздан канчалык көбүрөөк билет жасоого болот?
2-СУРОО. Көбүрөөк жасалган билетти кагазга сызгыла.

3-СУРОО.Эң көп билетти (13) кантип жасоого болот?

Чет элдик тестирлөө системасында мындай тапшырмалар кеңири колдонулат. Мындай тапшырмалар практикалык жана лабораториялык, кагаз-карандаш аркылуу аткарылуучу жумуштарды да камтыйт. Буларды максаттуу түрдө түзүп алуу жана колдонуу, окуу материалдарын жакшы өздөштүрүүгө оң таасирин тийгизет [3].

**13-мисал.** (Америкалык тестирлөө системасында колдонулуучу тапшырмалардан).
Кофланд - арал. Анын түндүк жагы эң жазы келип, туурасы 3 милге барабар. Туурасы улам кичирейип келип, түштүк жагынан 1 милге барабар болуп калат. Аралдын түндүгүнөн түштүгүнө чейин 4 миль. Түндүк батыш жээги тоо кыркалары. Тоонун түштүгүндө, жээкке жакын Машина-Жээк деген кыштак жайгашкан. Аралдын түндүк чыгышында Кемпбелл борбору бар. Машина-Жээктен Кемпбеллге чейин автомобиль жолу салынган. Аралдын ортосунда Ак-Көл деген көл жайгашкан. Андан түштүк чыгышка карай дарыя агып чыгып, аралдын чыгыш жагынан дельтага бөлүнөт.
Төмөндө берилген рамкага Кофланд аралынын картасын чийгиле. Жогоруда келтирилген объектилердин баардыгын көрсөткүлө. Объектилердин, символдорун, картанын масштабын, төрт тараптын багытын туура көрсөткүлө.
(Чийилген даяр рамка берилет).

2006-жылдагы PISA программасынын алкагында уюштурулган Эл аралык изилдөөдө дагы ушул өңдөнгөн тапшырмалар сунушталган. Окуучулардын табигый илимдер багыты боюнча жөндөмдөрүн текшерүүгө багытталган төмөнкү тапшырмага көңүл бөлөлү [4].

**14-мисал. Питер.**
Питер жол кыймылын изилдөө боюнча Австралиялык Кеңеште иштейт. Кууш жолдогу машиналардын кыймылы боюнча маалымат алуудагы анын бир ыкмасы катары видеокамера менен кыймылдарды тартып алуу. Камераны бийиктиги 13 метр болгон столбага орнотушкан. Видеотасма аркылуу Питер бул жолдо машиналар кантип тез жүрүп бараткандыгын, бири биринен канчалык алыстыкта кетип бараткандыгын жана жүрүп баратканда жолдун канча бөлүгүн колдонуп аткандыгын байкай алат.
Кийин жолго ажыратуучу жол тилкесин сызышты. Эми Питер видеотасма аркылуу төмөнкүлөрдү байкай алат: машиналар мурдагыга караганда катуу ылдамдыкта баратабы же жай баратабы; машиналар бирине жакын баратышабы же алыспы; машиналар жолдун чекесине жакын баратышабы же жолдун ортосуна жакын баратышабы. Кандай өзгөрүү болгонун аныктагандан кийин Питер жолго ажыратуучу тилкени сызуу керекпи же жокпу, бул боюнча рекомендация берет.

1-СУРОО. Жакшы рекомендация бергенине ишенимдүү болушу үчүн Питер дагы кошумча маалыматтарды чогултушу зарыл. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы жолдун ажыратуучу тилкесин сызуу боюнча анын рекомендациясынын ишенимдүү экендигине жардам бере алат?
А. Башка кыска жолдор боюнча видеотасма жүргүзүү ооба/жок
Б. Чоң жолдор боюнча видео тасма жүргүзүү ооба/жок
В. Ажыратуучу жол тилкесин сызганга чейинки жана кийинки жол

кырсыктарынын санынын өзгөрүшү ooба/жок
Г. Ажыратуучу жол тилкеси сызылгандан
кийин ал жолдордорду колдонгон машиналардын санын аныктоо ооба/жок

2-СУРОО. Маселен, жол тилкеси сызылгандан кийин бул кыска жолдон Питер төмөнкүдөй өзгөрүүнү байкады дейли:

| | |
|---|---|
| Ылдамдык | - кыймыл тезирээк боло баштады |
| Жолдогу машинелердин жайгашышы | - машиналар жолдун чекесине жакын жүрүшөт |
| Машиналардын ортосундагы аралык | - өзгөрүү жок |

Кайсы жыйынтыктын негизинде ажыратуучу жол тилкеси сызылган? Бул жакшы чечим экенине сиз макулсузбу? Өзүңөрдүн макул же макул эместигиңерди негиздегиле.

3-СУРОО. Катуу ылдамдыкта бараткадa шоопурларга өз машинасы менен алдыда бара жаткан машинанын ортосундагы аралыктын чоң болушу сунушталат, анткени катуу ылдамдыкта бараткан машинаны токтотуу үчүн көбүрөөк убакыт талап кылынат.

Эмне үчүн жай бараткан машинага караганда катуу ылдамдыкта бараткан машинаны токтотуу үчүн көбүрөөк убакыт талап кылынарын түшүндүргүлө.

4-СУРОО. Ылдамдыгы 45 км/с. болгон А машинасын ылдамдыгы 60 км/с. болгон Б машинасы озуп кетип бараткандыгын Питер видеотасмадан көрдү. Б машинасы А машинасы менен салыштырмалуу канчага ылдам кетип баратат?

А. 0 км/с. Б. 15 км/с. В. 45 км/с. Г. 60 км/с. Д. 105 км/с.

2006-жылкы PISAнын иликтөөсүнүн натыйжасында Кыргызстан 57 өлкөнүн ичинен эң акыркы орунду ээлегендиги маалим. Бул абал өлкөбүздө окутуу системабыздын академиялык билимдерди берүү менен гана чектелип калганынан кабар берет. Чындыгында эле окуучуларыбыз окуу китебинин мазмуну менен гана чектелип калууда. Билимди сыртка чыгарып, турмуштун ар кандай абалдарында аларды колдонуу маселеси коюлбайт. Окуу китептеринде мындай талап жок. Эл аралык изилдөөнүн жыйынтыгы мындай тапшырмалардын ар бир предмет, бөлүм, тема боюнча түзүлүшүн, аларды окуу процессинде үзгүлтүксүз түрдө колдонулушун талап кылат.

**Адабияттар:**


1. Калдыбаев С.К., Ажыбаев Д.М., Бекежанов М.М. Компьютерная диагностика результатов обучения в общеобразовательной школе. –Бишкек, 2007.
2. Панина Т.С., Вавилова Л.Н. Современные способы активизации обучения: Учебное пособие для студ. высш. учеб. заведений. –М.: Издательский центр «Академия», 2006.
3. Калдыбаев С.К., Орускулов Т.Р. Америкалык тестирлөө системасы /Кутбилим №5, февраль,1995-ж.; Кутбилим №6, февраль, 1995-ж.
4. Первые результаты международного исследования умений и навыков 15-летних учащихся в Кыргызской Республике. PISA-2006. –Бишкек, 2007